С. Мамбеткалиев атындагы Чүй университетинин «Педагогика» программасынын 09.02.24-жылы болуп өткөн "Кыргызстандын заманбап шарттарындагы педагогикалык билим берүү" ("Педагогическое образование в современных условиях Кыргызстана") темасындагы тегерек столдун
№ 6 протоколу.

Бишкек шаары
1-кабат, конференция залы
Саат 14.30.09.02.2024-жыл
Төрайым: «Педагогика» программасынын башчысы
Катчы: Сабитова Д.
Катышты : 17

1. Кыдыкбаева Кенже Сартбаевна – И. Арабаев атындагы КМУнун Билим берүү программаларынын сапаты жана аккредитациялоо секторунун башчысы
2. Калыкова Таалайкүл Калыковна - И. Арабаев атындагы КМУнун Гуманитардык-педагогикалык колледжинин «Курам аралык жалпы билим берүүчү дисциплиналар» бөлүмүнүн башчысы
3. Көчөрова Айнек Карыпбековна –ИСИТО ПКнын мүдүрү
4. Алиева Чынара Талаповна - ИСИТО ПКнын мүдүрүнүн орун басары
5. Абдыкеримова Адеми Алымбековна – Сокулук районунун Комсомол орто мектебинин мүдүрү
6. Исмаилова Эльмира Зарлыковна – С. Мамбеткалиев атындагы ЧУнун ректорунун милдетин аткаруучу
7. Тагаева Наталья Ивановна - С. Мамбеткалиев атындагы ЧУнун окуу жана илим иштери боюнча проректору
8. Дуйшегулова Зарина Асылбековна - С. Мамбеткалиев атындагы ЧУнун Эл аралык байланыштар жана өнүгүү боюнча Проректору
9. Исмаилова Айгумуш – ф.и.к.
10. Кыдыкбаева Умуткер Сартбаевна –«Педагогика» программасынын жетекчиси
11. Мамбеткалиева Канаим Дуйшенбековна - С. Мамбеткалиев атындагы ЧУнун президентинин кеңешчиси
12. Райымбекова Эрмек Райымбековна – «Филология» программасынын жетекчиси
13. Молдокматова Нурлиза Дуйшебековна – ага окутуучу
14. Алымбекова Гулмира Боталиевна – ага окутуучу
15. Амантаева Акылай Амантаевна – ага окутуучу
16. Эгамбердиева Айсулуу Абдухалиловна –ф.м.и.к.
17. Мурасатов Бурхан – ф.и.к.

Күн тартиби:

1. Педагогикалык билим берүүнүн бүтүрүүчүлөрүнүн Кыргызстандын эмгек рыногунда (шаар, облустар, региондор) көтөрүлүшү.
   Восстребованность выпускников Педагогического образования на рынке труда Кыргызстана (город, области, регионы).
2. "Педагогика" программасынын МЖКББсын ишке ашырууда социалдык-инсандык жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу
   Формирование социально-личностных и профессиональных компетенций при реализации ГОС ВПО «Педагогическое образование»
3. Кош окутуунун элементтери менен компетенттүүлүккө негизделген билим берүү программаларын ишке ашыруу.
   Реализация образовательных программ на основе компетентностного подхода с элементами дуального обучения.

Тагаева Наталья Ивановна – урматтуу коллегалар, бүгүн "Кыргызстандын заманбап шарттарындагы педагогикалык билим берүү" темасында тегерек стол ачык деп жарыялайм. Бүгүнкү эң актуалдуу маселе, келечекте жаш педагогдорго сапаттуу билим берүү. Педагогикалык билим берүүнүн бүтүрүүчүлөрүнүн Кыргызстандын эмгек рыногунда алыскы тоолуу райондорго башталгыч класстардын мугалимдери жетишсиз экени бардыгыбызга белгилүү эмеспи. Заманга жараша көпчүлүк студенттер практикага барып мектептерде, бала-бакчаларда жумуш ордунда калып жатышат. Ошол себептен Кыргызстандагы дээрлик ЖОЖдо кош окутуунун элементтери менен компетенттүүлүккө негизделген билим берүү программаларын ишке ашырууда.
С. Мамбеткалиев атындагы Чүй университети дагы «кош окутуунун» (дуальное обучение) элементерин киргизе баштадык.Сиздердин сунуштар болсо кененирээк олтуруп сүйлөшүп алсак.
Кыдыкбаева Кенже Сартбаевна – Ооба, Наталья Ивановна сиз туура айтып жатасыз, азыр бардык региондордо мугалимдер жетишсиз. И. Арабаев атындагы КМУнун программаларын да киргизүү бизде да сунушталган. Кош адистик боюнча КРББМ нын № 1940 буйругунда «Кош адистик» боюнча так көрсөтүлгөн. Окуу программасына 56 кредит практикага берилет, ү-семестрден бүтүрүүчү курс бошотулат. Себеби практика, андан соң дипломдук коргоого берилет. Конок лекциялар көбүрөөк өтүлсө жакшы болот.
Көчөрова Айнек Карыпбековна-эң жакшы маселе экен. Көпчүлүк студенттер өздөрүнүн кесиби менен иштешет, аларга абдан жеңил бомок да.
Алиева Чынара Талаповна-актуалдуу маселе, кошулам.
Абдыкеримова Адеми Алымбековна- менде бир сунуш бар. Башталгыч класстын мугалимдерин даярдайт экенсиздер ото жакшы, азыркы башталгыч класстын мугалимдердин кол жазмасы ото начар, тамгаларды элементи менен жазганды өздөрү өздөштүрө албайт, анан кантип балдарга туура жазганды үйрөтүшөт. Окуу планында каллиграфия сабагы барбы?
Кыдыкбаева Умуткер Сартбаевна –рахмат, өтө көйгөйлүү суроо берип жатасыз. Жазууну эң биринчи кайдан үйрөнүшөт? Бизге тапшырган студенттердин да каллиграфиясы өтө начар келишет, аларга биз кадимки эле 1-класстын прописин, дептерин алдырып үйрөтө баштайбыз. Сиздердин сунушуңуздар менен лекцияны дагы 1 – класстын дептерине жаздыралы деп ойлоп жатам.
Абдыкеримова Адеми Алымбековна- дагы бир маселе доскага жазганды да билишпейт, ошону дагы эске алып койсоңуздар.
Кыдыкбаева Умуткер Сартбаевна – сөзсүз сунуштарыңыздарды кабыл алабыз.
Алиева Чынара Талаповна- ооба, бардык жерде көйгөйлүү маселе болуп турат.

Көчөрова Айнек Карыпбековна – бүгүнкү тегерек столдо абдан керектүү маселелер талкууланды, сиздерге рахмат ушундай семинар, тегерек столдорду, конференцияларды көбрөөк өткөрүп туралы.
Абдыкеримова Адеми Алымбековна – кечиресиздер, сиздерден биздин мектепке практиканттар келише элек мүмкүн болсо жнөтсөңүздөр жакшы болот эле.
Кыдыкбаева Умуткер Сартбаевна- студенттерибиздин көпчүлүгү өздөрү жашаган региондорго, айылдарга кетишет. Эгерде жашоосуна шарт түзүп берсеңиздер жөнөтөбүз.
Калыкова Таалайкүл Калыковна- өзгөчө келечектеги мугалимдерге кызыктыра турган материалдарды берсек, аларга азыртадан презентация жасаганды үйрөтсөк. Көпчүлүк мектептерде Piza менен өтүп жатышат, аны дагы киргизиш керек. Биз дагы сиздердин методго салып лекцияны 1-класстын дептерине жаздыра баштайбыз.
Тагаева Наталья Ивановна – Умуткер Сартбаевна, окуу планы боюнча каллиграфияга канча кредит бөлүнгөн?
Кыдыкбаева Умуткер Сартбаевна – 4 кредит, бардыгы -120 саат, аудитордук - 60 саат, СӨИ-60 саат.
Тагаева Наталья Ивановна – окуу планын карап чыгып, өтө орчундуу эмес предметтен кыскартып, каллиграфиянын саатын көбөйткүлө. Бардыгыңыздарга чоң рахмат, буюрса байланышта болуп турабыз.

Токтом кылды:

1. Педагогикалык билим берүүнүн бүтүрүүчүлөрүнүн Кыргызстандын эмгек рыногунда (шаар, облустар, региондор) көбөйтүү жана аларга шарт түзүп берилсин.
2. "Педагогика" программасынын МЖКББсын ишке ашырууда социалдык-инсандык жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу жана каллиграфия предметинин саатын көбөйтүлсүн.
3. Кош окутуунун элементтери менен компетенттүүлүккө негизделген билим берүү программаларын ишке ашырылсын.

Программанын жетекчиси проф. Кыдыкбаева У.С.

Катчы Сабитова Д.П.